**Шеримбекова Алтынай Мукасовнананын 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган «Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор» аттуу диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

# пикири

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Азыркы күндө өткөндөгү прогрессивдүү мурастарга карата болгон кызыгуулар артып, аларды иликтеп, учурдун талабына ылайык кабыл алууну жогорку денгээлде уюштуруу үчүн толук мүмкүнчүлүктөр түзүлүп олтурат. Кыргыз эли өзүнүн көптөгөн кылымдарды басып өткөн жолунда таалим-тарбиянын мол байлыгын түзүү менен, таланттуу адамдарды, даанышмандарды, сүрөткерлерди, сөз чеберлерин чыгарган. Өткөн чакты билбеген, кабыл албаган учур чактын урпактары келечек ээлери боло албары белгилүү эмеспи. «Өткөн чак-учур чак-келечек» ажырагыс бир бүтүн система экендиги айныгыс чындык.

Ал эми маданий мурастарыбыздын тарыхына кайрылганыбызда, элибиздин рухий чыгармаларында кенен чагылдырылып, анын жашоо-турмушун, мүдөөсүн, адеп-ахлагын кенири сүрөттөп, өлбөс мурасты жараткан залкар таланттарды, сөз өнөрүнүн чыгаан чеберлерин жергебизден арбын учуратабыз. Башкача айтканда, өткөн чактагы акындарыбыздын бийик гумандуу чыгармаларында жүрүм-турумга, таалим-тарбияга, агартуучулукка байланыштуу айтылган позитивдүү багыттагы арбын ойлор кездешет. Булар кенен түшүнүктөр аркылуу акындардын педагогикалык көз карашын туюндурат. Ал эми аларды педагогикалык таризде изилдөө учур талабы болуп саналат. Анткени, баштапкы педагогикалык ойлорду кабыл албай туруп, элибиздин педагогикалык көз карашынын кийинки өнүгүүсү жаралбайт эмеспи.

Мына ушул жагдайга байланыштуу Молдо Кылычтын чыгармаларында чагылдырылган педагогикалык ойлорду изилдөө бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемалардын бири болуп саналат.

Акындын мурасын педагогикалык багытта кароо, анын көз карашындагы элдик педагогикалык ойлорду гана аныктабастан, ошондой эле XIX кылымдагы кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун өнүгүүсүн илимий жактан жалпылоого мүмкүндүк берет. Себеби, Молдо Кылыч өз доорунун мезгилине жараша таалим-тарбияга үндөй алган. Ал адеп-ахлактык, гуманисттик, агартуучулук тематикалык ырларды жараткан акын Анын чыгармачылыгы айрыкча жакшы жүрүм-турумга адамды багыттаган терен ойлорго, толгонууларга жана маныздуу тыянактарга бай. Молдо Кылыч XIX кылымдагы элдик педагогиканын эн көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**

А.М. Шеримбекованын диссертациялык иши Молдо Кылычтын педагогикалык ойлоруна байланыштуу материалдарды жана теориялык булактарды изилдөөнүн негизиндеги бүтүн жана комплекстүү илимий изилдөө болуп эсептелет, анда илимий жана практикалык мааниси бар бир катар жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар алынган. Алар келечек муунду тарбиялоого, тескери журүм-турумдан арылтууга мүмкүндүк берет, ошондой эле элдик педагогиканын бир бөлүгү болуп эсептелген акындар поэзиясындагы педагогикалык ойлорду терен, обьективдүү изилдөөгө шарт түзөт жана элдик педагогиканын жалпы тарыхын жазууда өзүнүн пайдасын тийгизет. Ушундан улам, диссертант тарабынан алынган илимий натыйжалар өзүлөрүнүн негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү жагынан илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

Диссертациялык иштин структурасы илимий изилдөөнүн логикасына шайкеш келип, коюлган максаты жана милдеттери менен аныкталган. Андагы алынган жоболор, жыйынтыктар жана сунуштардын негизделиши, ынанымдуулугу изилдөөнүн предметине төп келген, коюлган милдеттерди адекваттуу чагылдырган методдор комплекси, жыйынтыктардын академиялык коомчулук арасында көп жолу апробацияланышы, Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун учурдагы таалим-тарбияны

өркүндөтүүгө тийгизген таасирин текшерүү максатында педагогикалык эксперименттин өткөрүлүшү менен камсыз кылынган.

**Изилдөөнүн илимий жана практикалык мааанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөдө алгачкы жолу Молдо Кылычтын окуу-тарбия багытындагы ойлору элдик педагогиканын өнүгүү контекстинде изилденген. Анда илимий жана практикалык мааниси бар бир катар жыйынтыктар чыгарылган. Аларды элдик педагогиканын тарыхын мындан аркы изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары окуучуларды тарбиялоодо салттуу педагогикалык маданияттын рационалдуу дөөлөттөрүн колдонуу боюнча теориялык билимдерди терендетет жана практикалык даярдыкты арттырат. Иштин материалдары , анын теориялык тыянактары жогорку окуу жайларда этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук мүмкүнчүлүгүн кенейтүүгө жана кыргыз адабияты боюнча программалардын, окуу китептердин сапатын жакшыртууга салым кошот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар:**

-Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктарын жана натыйжаларын элдик педагогиканын тарыхын мындан аркы изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо колдонууга болот.

-Изилдөөнүн жыйынтыктары жана натыйжалары келечек муунду тарбиялоого байланыштуу таалим-тарбиялык теориялык билимдерди терендетет жана практикалык даярдыкты арттырат.

-Иштин материалдары, анын теориялык тыянактары жогорку окуу жайларда жана мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун байытат.

-Диссертациянын жыйынтыктары жана натыйжалары кыргыз адабияты боюнча программалардын, окуу китептердин сапатын жакшыртууга салым кошот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациялык иштин мазмунуна, структурасына туура келип, темасынын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы , изилдөөдөн келип чыккан жыйынтыктар, натыйжалар, теориялык, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу толук ачылган. Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорун изилдөөнү шарттаган кыргыз элинин рухий маданиятындагы таалим-тарбияга байланыштуу идеялар иликтенип, Молдо Кылычтын чыгармачылыгы изилдөөнүн обьектиси катары каралып, акындын педагогикалык ойлорунун тарыхый-маданий өбөлгөлөрүнүн жана идеялык булактарынын аныкталышы, Молдо Кылычтын агартуучулук , адеп-ахлактык жана эстетикалык идеялары, акындын педагогикалык ойлору аркылуу жаштарды таалим-тарбиялоону өркүндөтүүнүн натыйжалуу логикасы эксперимент аркылуу тастыкталышы диссертациялык эмгектин мазмунунда жана анын негизинде жазылган авторефератта бирдей тартипте ачылган.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта кезиккен мүчүлүштүктөр.**

Диссертациялык иште алынган жыйынтыктар жана натыйжалар илимий жактан негизделип, алардын практикалык колдонулушу чоң мааниге ээ болгону менен изилдөөдө айрым мүчүлүштүктөр кездешет. Алар төмөнкүлөр:

1.Молдо Кылычтын китебин биринчилерден болуп Э.Арабаев өзүнүн алгы сөзү менен бастырып чыгарган, бирок диссертациялык иште ал тууралуу маалымат берилбей калган. Эмне себептен? Бул Молдо Кылычтын агартуучулук ишмердүүлүгүн башка өңүттөн кароого мүмкүнчүлүк берген маалымат болуп эсептелмек.

2 . Молдо Кылычтын чыгармаларынан үзүндүлөрдү диссертациялык иштин жобосу катары берип, коргоого сунуштаса болот беле? Мүмкүн чыгармаларындагы педагогикалык ойлор ачык көрүнмөк.

3. Иште стилдик мүчүлүштүктөр, орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасир тийгизе албайт.

**КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө, жобонун» 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши ( критерийлер тиркелет ).**

А.М. Шеримбекованын 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган «Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор» аттуу диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун» кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**педагогика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **М.М. Эсенгулова**